**УДК: 301.085-053.7 (572.2)**

**Жаркумбаева Айнур**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Жаркумбаева Айнур**
магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Zharkumbaeva Ainur**
Master's student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

## КӨЗӨМӨЛСҮЗ ЖАНА КАРООСУЗ КАЛГАН БАЛДАР: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

## БЕЗНАДЗОРНЫЕ И БЕЗПРИЗОРНЫЕ ДЕТИ: СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ

## UNSECURED AND UNSIGNED CHILDREN: STATE AND PROSPECTS

**Аннотация:** Бул макалада автор учурдагы кыргыз коомундагы кароосуз калган балдарды абалын талдоого алган. Кароосуз калган балдардын үй-бүлө маани-маңызы түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болгондугунун негизинде кароосуз калган балдардын тобу пайда болушунун негизги себептери каралды. Ошондой эле, автор ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй- бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуусу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттарында адептик насааттарды пропагандаларды жүргүзүү зарыл деп, энелерди баладан ажыратпоо иш аракеттерин алып баруу керектиги белгиленди

**Аннотация:** В статье автор анализирует положение беспризорных детей в современном кыргызском обществе. Рассмотрены основные причины появления группы безнадзорных детей, исходя из того, что семейный характер беспризорных детей претерпел коренные изменения. Автор также подчеркнула, о необходимости жесткого контроля со стороны общества и государства над внутренними и внешними мигрантами, молодыми семьями, пропаганды моральных советов в СМИ для укрепления института семьи и усилий по предотвращению лишения матерей детей.

**Resume:** In the article, the author analyzes the situation of street children in modern Kyrgyz society. The main reasons for the emergence of a group of street children are considered, proceeding from the fact that the family character of street children has undergone fundamental changes. The author also emphasized the need for strict control by society and the state over internal and external migrants, young families, the promotion of moral advice in the media to strengthen the institution of the family and efforts to prevent the deprivation of children by mothers.

**Негизги сөздөр:** коом, адам, бала, социалдык, жетим, мигрант, жаш үй- бүлө, көзөмөл

**Ключевые слова**: общество, человек, ребенок, социальный, сирота, мигрант, молодая семья, присмотр.

**Key words**: society, person, child, social, orphan, migrant, young family, supervision.

Үй бүлө коомдун баалулугу, анын ячейкасы, жеке жашоону уюштуруун формасы, жубайлар биримдигинин жана үй-бүлөлүк мамилелешүүнүн негизи болуп эсептелинет.

Кыргызстандагы маданий, социалдык, психологиялык, экономикалык өзгөрүүлөр менен байланышкан үй- бүлөдөгү өзгөрүүлөр үй-бүлөлүк мамилелешүүгө даярдоого өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Бул маселе кыргыз коомчулугундагы үй-бүлө мамилелердин социалдык-экономикалык процесстеринин таасири менен үй-бүлөлүк мамилелерди туура эмес түшүнүү, ошону менен катар үй-бүлөлүк зордук-зомбулук пайда болууда. Көйгөй кыргыз үй-бүлөсүндө агрессиянын убакыттык жана мейкиндик чегинен жайылып таркалышы жана анын негизинде олуттуу жагдайлардын болуусу, зордук-зомбулук жүрүм-турумунун пайда болуу себептерин изилдөө жана үй- бүлөлүк жашоо-турмушта Кыргызстанда дискриминациялык каада- салттар ээлеген, үй-бүлөлүк мамилелешүүдө зордук-зомбулуктун өзгөчөлүктөрүн талдоо актуалдуу маселердин бири болууда. Билим берүү тутумунда тарбиянын ролу өсүп жаткандыгына карабастан, көпчүлүк учурларда билим берүү мекемелери "кыйын" балдардан арылууга аракет кылышат. Жалпы билим берүүчү мекемелерде окубаган жана эч жерде иштебеген жашы жете электер тарабынан жасалган укук бузуулардын саны азайбайт. Жаш өспүрүмдөрдүн жана аял өспүрүмдөрдүн кылмыштуу активдүүлүгүнүн өсүшүнүн коркунучтуу тенденциясы улануууда.

Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгон күндөн тартып өтө татаал жолду басып өттү, бул процессте калкты социалдык жактан коргоо жана камсыз кылуу системасы өзгөрүп, турмуштун жаңы чындыктарына туш болду. Өткөөл мезгилдин натыйжасында биз коомдун жиктелиши, социалдык топтордун өз кызыкчылыктарын көздөө, экономикалык туруксуздук, жашоо деңгээлинин төмөндөшү, адеп-ахлактын кетиши, социалдык пессимизм сыяктуу социалдык терс көрүнүштөргө кабылдык, мындан биринчи кезекте үй-бүлөлөр жана балдар жапа чекти. Турмуштун катаал жолуна кабылган үй-бүлөлөрдүн маселеси бүгүнкү күндө алар аракечтикке, баңгиликке, оору-сыркоого, оор кара жумушка жана жумушсуздукка байланышкан оор жүктү жеке өздөрү тартып жаткандыгында турат [1, с.32]

Кыргызстан 1994-жылы БУУбалдардын укуктары тууралуу конвенциясы ратификациялангандыгана байланыштуу бул кордоо көргөн баланын укуктарын ким коргойт. Албетте мамлекет, жарандык коом, анткени, бул Конвенцияда бир гана балдардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо талаптары коюлбастан, алардын коомдук жашоого активдүү катышуусун камсыз кылуу талабы да коюлган. Балдардын укуктары жөнүндө конвенция балдардын өтө алсыздыгын таанып-билет, андыктан, буга байланыштуу балдар, айрыкча үй-бүлө тарабынан көрсөтүлгөн камкордукка өзгөчө муктаж. Бул маселелерди чечүү үчүн балдардын укуктарын жана таламдарын коргоого багытталган мамлекеттин максаттуу саясаты болушу зарыл. Анткени, кандай гана мамлекет болбосун ар түрдүү себептерден улам ата-эне тарабынан каралбай калган балдар бар жана боло берет.

Арабызда таштанды балдардын 23 миңге чукулдап калганын эске албаганда, жашы эрезеге жете элек балдардын базарларда оор жумуштарды аткарып, акча таап иштеп жүрүшөт, үйүнөн безип кеткен өспүрүмдөр, мектепте рекеттерден кордук жеген балдар, жаштайынан сексуалдык кызматтарга барган өспүрүм кыздар, ата-энасинин каалоосу менен жалданма жумушчу болгондор арабызда күн санап көбөйүп бара жатат. Азыркы учурда ата-энесиз, б.а. кароосуз калган балдардын саны өсүүдө.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикалык маалыматына таянсак, учурда алардын саны 8 минден ашып мамлекеттик балдар үйлөрүндө жана медреселерде тарбияланышууда. Кээ бир чоноюп калган учурда кароосуз калса дагы бирин төрөлгөндө эле ата-энеси таштап кеткен. Ал ортодогу социалдык кызматкерлер коомдогу бул терс окуяларды алдын алуу зарылчылыгын изилдешүүдө. Балдардын кароосуз калгандыгы жана

көзөмөлсүздүгү негизги көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Бүгүнкү күндө мындай балдардын саны 10 минден ашык.

Социалдык илимдерде балдарды кароосуз калтыруу деп балдардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин контролдоонун жоктугу же жетишсиздиги, ата-энелери же аларды алмаштырган адамдар тарабынан аларга тарбиялык таасир этүү деп түшүнүшөт [2, с.153]

Кайдыгерлик балдардын өздөрүн үй-бүлөдөн, балдар жамаатынан алыстатууда жана ошол эле учурда ата-энелер менен тарбиячылардын балдарга кайдыгер мамилесинде көрүнөт [3, с.21]

Ошол эле учурда экономикалык жана идеологиялык кризистер активдүү кылмыш структуралары тарабынан алкоголдук ичимдиктерге, баңгизаттарга жана кылмыштуу иштерге азгырылгандыктан, турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдардын санынын кескин көбөйүшүнө алып келди. Бул мамлекетти экономикалык жана идеологиялык кризистин укукка каршы талаасы активдүү кызыктырган мындай көйгөйлүү балдарды коргоо жана колдоо зарылчылыгына алып келди.

**Кароосуз же көчөдө калган бала** –көчө (сөздүн эң кең манисинде, ар кандай жайларды камтыган, башпаанек катары пайдаланылган) ал үчүн анын демейки жашаган жери болуп калган жашы жете элек, ошондой эле жетиштүү коргоосу жоктор. Кароосуздардын төмөнкүдөй үч категориясы бар[4, с.56]

1. Ар кандай кырдаалдардан улам дайыма көчөдө жашагандар; булар көчөдө бир айдан ашык жашаган балдар.

2. Көчөдө мезгил-мезгили менен жашагандар, бул балдардын көчөдөгү турмушу демейде бир нече күндөн тартып бир нече жумага чейинки мезгил менен чектелген. Бул категориядагы балдар алкоголик ата-энелердин кезектеги арактын түбүнө түшүп кеткен (запой) мезгилинде, жетим балдар –
тарбиячылар жана башкалар менен жаңжалдашууну чечүү мезгилинде көчөдө калат.

3. Үйүндө жашап, түнөп, бирок, өзүнүн негизги муктаждыктарын көчөдө канааттандыргандар балдар.

Кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдардын пайда болушунун себептерине азыркы педагогика, балдар психологиясы жана социология илимдеринин окумуштуулары бир гана экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү белгилешпестен, психологиялык көйгөйлөр да орун аларын айтышуда. Мисалы, Е.Г. Слуцкий кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдардын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн үч негизги себебин көрсөтүп кеткен [5,с.121]. Алар: социалдык-экономикалык, социалдык-психологиялык жана медицианлык-психологиялык себептер.

Социалдык-экономикалык факторлого адамдардын турмуш-тиричилигин жана эмгек менен жашоо адаттарын узак убакыт бузган факторлорду киргизет. Аларга экономикалык каатчылык, жумушсуздук, ачарчылык, эпидемиялар, жаратылыш кырсыктарынан же согуштан улам болуп турган тынымсыз миграциялык процесстер кирет.

Социалдык-психологиялык себептерге, автордун оюу боюнча, үй-бүлө менен байланышкан себептер кирет: ажырашуу, ата-энесинин бирөөсүнүн өлүмү, камкордукка алуу, үй-бүлөдөгү жагдайдын начарлашы, балдарга орой мамиле жасоо, уруп-согуу, чоңдордун балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулук көрсөтүүсү ж.б.у.с.

Медициналык-психологиялык себептерге: ден соолугунун бузулууларына байланыштуу себептерди киргизген: психофизикалык аномалиялары бар балдардын көбөйүшү, асоциалдык жүрүм-турумдун (тубаса берилген) таралышы ж.б.

Албетте, бул көйгөйлөрдү чечүүдө бир гана социологдор, психологдор эле катышпастан, юристтерсиз да бул маселелер чечилбейт.

Кыргызстандын коомчулугунда оозго алынып калган “жетим”, “томолок жетим” деген сөздөргө көнүм болсок, акыркы жылдары “социалдык жетим” деген аныктаманы кезиктирип келүүдөбүз.

Кыргызстанда балдардын жана жаштардын социалдык көйгөйлөрүнүн курчтугу аларды чечүү үчүн натыйжалуу социалдык-педагогикалык интеграцияланган технологияларды иштеп чыгууну талап кылат. Демек, Кыргыз Республикасынын социалдык мыйзамдары тобокелге салынган жашы жете электер менен иштөөнү уюштуруудагы тутумдуу жалпы мамлекеттик мамилени чагылдырышы зарыл жана социалдык-профилактикалык иштин субъекттерин аныкташы керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Дети в трудной жизненной ситуации: новые подходы к решению проблемы [Текст]. – М.: Б.и., 2010. – 91 с.
2. Агафонов, А.Н. Социальная работа с детьми –улицы [Текст] / А.Н. Агафонов, П. Буйнов. – Петропавловск Каз., 2000. – 354 с.
3. Бреева Е.Б. Дети в современном обществе [Текст] / Е.Б. Бреева - М., 2016. с – 21
4. Дементьева, И.Ф. Социальная адаптация детей-сирот: проблемы и перспективы в условиях рынка [Текст] / И.Ф. Дементьева –М.,. – 2012. 170с..

5.Слуцкий Е.Г. Дети улица: истоки и последствия. –М., 2018, -161с.


**Рецензент: филос.и.к., доцент Бекбоева А.К.**